*АКШнын Эл аралык дин эркиндиги боюнча комиссиясы (USCIRF) – Мамлекеттик департаменттен бөлөк жана айырмаланган мекеме. Америка конгресси тарабынан түзүлгөн бул көз карандысыз, эки партиялык АКШ өкмөтүнүн кеңеш берүүчү органы бүткүл дүйнөдөгү дин эркиндигин көзөмөлдөп, Президент, мамлекеттик катчы жана Конгресс үчүн сунуштарды иштеп чыгат. USCIRF бул сунуштарды биздин расмий мандатыбызга, Адам укуктарынын жалпы декларациясында жана башка эл аралык документтерде белгиленген стандарттарга ылайыктап даярдайт. 2016-жылкы Жылдык баяндама Комиссия мүчөлөрүнүн жана кызматчыларынын жер-жерлердеги болгон бузууларды документтештирүү, АКШ өкмөтүнө көз карандысыз сунуштарды иштеп чыгуу боюнча бир жылдык ишинин кулминациясын чагылдырат. 2016-жылкы Жылдык баяндама 2015-жылдын 1-февралынан 2016-жылдын 29-февралына чейинки мезгилди кучагына алат, бирок кээ бир учурларда бул убакыт аралыгынан кийин болгон маанилүү окуялар да айтылып кетет.*

## Кыргызстан

Кыргыз өкмөтү өзүнүн 2008-жылкы дин тууралуу мыйзамы жана башка мыйзамдар жана саясаттары аркылуу диний эркиндикти чектейт. Дин тууралуу мыйзамга киргизилүүнү күтүп жаткан өзгөртүүлөр көзөмөлдү кескин күчөтүшү мүмкүн жана күчүнө кирсе, Эл аралык Дин Эркиндиги боюнча АКШ Комиссиясынын (USCIRF) кийинки жылдык баяндамасындагы Кыргызстандын статусуна терс таасир тийгизиши мүмкүн. USCIRF Кыргызстандагы диний эркиндик шарттарына бир нече жылдан бери байкоо салып келет.

***Кошумча маалымат:*** Кыргызстандын 5,7 миллиондук калкынын 80 пайыздан ашыгы суннит мусулмандары, 15 пайызы - христиандар, негизинен орус православдары; калган 5 пайызы өтө кичине шейит мусулмандары, протестанттар, католик, еврей, буддист, бахаи коомчулуктарынан турат же бир да динге байланышы жок. Өлкөдөгү эң чоң этникалык өзбек коомчулугу (түштүк Кыргызстандын калкынын 40 пайызына чейин) негизинен суннит мусулмандарынын ханафи мектебине кирет.

***2008-жылкы Дин тууралуу мыйзам:*** Конституцияда бардык атуулдарга дин эркиндигин камсыз кылууну максат кылса да, Кыргызстандын 2014-жылкы Дин тууралуу мыйзамы катталбаган диний ишмердүүлүктү мыйзамсыз деп аныктап, катталууга оор талаптарды койот, мисалы, диний топтун негиздөөчүлөрү катары кеминде 200 резидент атуулу жана кеминде 10 мүчөсү, анын ичинде бир 15 жылдык жергиликтүү тургун болушу керек. Европа Коопсуздук жана Кызматташуу Уюму (ЕККУ), Европанын Венеция Комиссиясынын Кеңеши жана БУУ Адам Укуктары Комитети бул мыйзам; анын ичинде: каттоо талаптары, катталбаган диний ишмердүүлүк үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралганы, "фанатизм жана экстремизм" боюнча чектер жана миссионердик ишмердүүлүккө жана диний материалдарды таратууга чектөөлөр аркылуу эл аралык стандарттарды бузат деп белгилешкен. Жогорку Соттун Конституциялык Палатасынын бир катталган диний топтун иштери анын юридикалык дарегине чектелбеши керек жана катталуу үчүн зарыл болгон 200 негиздөөчүнүн тизмесин жергиликтүү кеңештин

жактырышын талап кылуу конституцияга туура келбейт деген 2014-жылкы чечимин 2015-жылы айрым кыргыз расмийлери аткарган жок деп айтылган.

***Дин тууралуу мыйзамга сунушталган өзгөртүүлөр:*** 2014-жылы Мамлекеттик Дин иштери боюнча Комитет (МДИК) дин тууралуу мыйзамга өзгөртүүлөрдүн долбоорун даярдаган, ага ылайык МДИКтин ыйгарым укуктары; "салттуу эмес" диндердин үстүнөн Ислам менен Орус Православ Чиркөөсүнүн артыкчылыгы кескин жогоруламакчы; диний топтордун баарынын талап кылынган кайра катталуусу үчүн 500 негиздөөчү талап кылынмакчы; диний топтогу же диний билим берүү мекемесиндеги кайсы болбосун расмий же кызматкер үчүн МДИКтин жылдык уруксаты талап кылынмакчы жана диний материалдар таратылуучу жерлер андан ары чектелмекчи. Административдик кодекстин долбоору диний туура эместиктер үчүн максималдуу айыппулдарды 14 орточо айлыкка теңемекчи. 2015-жылы Коргоо Кеңешинин жумушчу тобу (МДИК ага кирет) жана Премьер Министрдин аппараты бул сунуштарды карап, текшерип жатат деп айтылган. Баяндама берүү мезгилинин аягына карата Кыргыз бийликтери парламентке бир да сунушталган өзгөртүү жибере элек.

***Мусулмандарга мамлекеттин көзөмөлүнүн күчөшү:*** Борбор Азия өлкөлөрү динди жамынып зомбулук колдонгон топтордон коопсуздук коркунучтарына кабылууда, жана миңдеген борбор азиялыктар, анын ичинде расмий болжолдор боюнча 250 кыргыз, Ислам Мамлекетине кошулду деп айтылат. Ошентсе да, Кыргыз жана башка Орто Азия өкмөттөрү колдонгон ашыкча чектөөчү дин мыйзамдары жана репрессиячыл анти-экстремизм чаралары башында тынч болгон динчилдерди радикалдаштырып ийиши мүмкүн.

2015-жылы Кыргызстан жарым-жартылай автономдуу Мусулмандар башкармалыгына өкмөттүн көзөмөлүн күчөткөн Президенттин 2014-жылкы Жарлыгын ишке ашырды деп айтылды, анын ичинде, Форум 18 баяндагандай, Мусулмандар башкармалагынын имамдарды жана Баш Муфтийди тандашын талап кылат; имамдар үчүн ички сынактарга өкмөт кызматкерлерин катыштырат; ички критерийлерге туура келгени боюнча артыкчылыкка ээ болгон мусулманчылык кызматкерлерине акчалай сыйлык берет; жана Башкармалыктын кызматкерликке талапкерлерди экстремисттик уюмдарга кирбейби деп жергиликтүү жана улуттук укук коргоо органдарынан текшертишин талап кылат. Мусулмандар башкармалыгы ошондой эле Муфтийди, имамдарды, жергиликтүү имамдарды, диний сотторду жана Уламалар Кеңешинин мүчөлөрүн өкмөт Кыргызстан мусулмандары үчүн "салттуу" деп эсептелген Ислам Ханафи мектебинен гана тандоого нускама алган.

2015-жылдын ноябрында Ош облустук соту белгилүү өзбек улутундагы имам Рашод Камаловго коюлган "диний жек көрүүнү жаратуу" үчүн, анын Ислам Мамлекетине жана экстремизмге каршы үгүтүнө карабастан, беш жылдык абакка кесүүнү эки эсе көбөйткөн. Камалов жергиликтүү полицияны көп сандаган кишилерден Ислам Мамлекетине мүчөсүң деп коркутуп пара алат деп айыптаганы баяндалат. Натыйжада, түштүк Кыргызстандагы мындай пара төлөй албаган 200 чамалуу өзбек улутундагылар түрмөгө түшкөн.

Башка постсоветтик мамлекеттерден айырмаланып, Кыргызстан *Таблиг-и Жамаатка* тыйуу салган эмес, бул ислам миссионердик кыймылынын айрым Кыргыз расмийлерине таасири чоң деп айтылат. 2014-жылы Кыргыз өкмөтү *Акромия* өзбек диний кыймылына экстремисттик уюм деп тыйуу салган. Тыйуу салынган диний уюмдардын тизмелери өкмөттөр аралык чөлкөмдүк коопсуздук уюмдары, анын ичинде, Шанхай Кызматташтык Уюму жана Жамааттык Коопсуздук Келишим Уюму менен координацияланат деп айтылат.

***Каттоо көйгөйлөрү:*** Өлкөнүн катталбаган 700дөй мечити каттоосу жок болгондуктан "мыйзамсыз" деп аныкталган. Акыркы жылдары айрым диний топторго каттоодон баш тартылган, анын ичниде Ахмадие ислам коому жана Сайентология Чиркөөсү бар. 2016-жылдын февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту Иегова Күбөлөрүнүн төрт шаарда каттоодон баш тартууга каршы апелляциясын четке какты. 2015-жылдын октябрында эки Иегова Күбөсү - Надежда Сергиенко жана Оксана Корякина - алардын коомун каттоого арызын кабыл алуудан баш тартканы үчүн жаманга дубалады деген айып менен камалган 31 айлык үй камагынан бошотулган. Анткени менен, 2016-жылдын февралында Жогорку Сот алардын ишин Ошко жаңы өндүрүшкө кайтарган. Ал эмес катталган диний азчылыктар да тоскоолдуктарга туш болот; мисалы, 2015-жылдын декабрында Чүй облустук соту катталган Элчилик Протестант Чиркөөсүнүн ылдыйкы инстанциядагы сот чыгарган ишин токтотуу өкүмүнө аппеляциясын четке каккан. Чиркөө элдин зомбулугу менен да коркутулган деп айтылат.

***Диний азчылыктага каршы зомбулук жана күч менен мамиле кылуу:*** 2015-жылдын декабрында Ахмадие мусулманы Юнусжан Абдужалилов Жалалабат облусунда өлтүрүлгөн; полиция тогуз шектүүнү кармап, алар Ислам мамлекетине байланышкан террористтик топко кирген деп ырастаган. Жергиликтүү адам укук активисттери кыргыз расмийлери ЖМКда диний жана этникалык азчылыктарга каршы имамдардын жана Мусулмандар башкармалыгынын жек көрүүчүлүк кептерин көз жаздымда калтырат деп билдирет. Мусулмандар башкармалыгы көзөмөлдөгөн муниципалдык көрүстөндөргө диний азчылыктарды койууга жол берилбегени тууралуу өнөкөт көйгөйдү да Кыргыз өкмөтү чече элек. Мисалы, 2015-жылдын августунда Ош шаарынын мамлекеттик кызматкерлери жана жергиликтүү имам Протестант аялдын баласын жергиликтүү көрүстөнгө койууга уруксат бербей, имам аны өз ишениминен баш тартууга күчтөгөн. Ошол эле айда, 10 полиция кызматкерлери Оштогу ижарага алынган кафедеги Иегова Күбөлөрүнүн сыйынуу жолугушуусун тинтип, андагыларды оодарууга имам алып келишкен. Полиция тинтүүнү тасмага тартып жаткан кишини сабаган; полиция бекетинде кызматкерлер үч Иегова Күбөсүн эсин жоготкончо муунткан. Кыргыз адам укук активисттеринин билдиришинче, өкмөт тинтүү учурунда же кармалгандарга карата зомбулук иш жасаган полицияга каршы укуктук иш кылбайт.

***Башка укуктук маселелер:*** Кыргыз дин мыйзамы катталган диний топторго тиешелүүлөрдүн аскер кызматынан ишенимдери боюнча баш тартуусун чектейт. Буга кошумча, диний материалдарды цензуралоо боюнча МДИК укугу – дин тууралуу

мыйзамга 2012-жылкы өзгөртүүлөр менен күчөп – салттуу эмес мусулман, протестант, жана башка азчылык диндерге багытталгандай сезилет.

***Сунуштар:*** USCIRF АКШ өкмөтү Кыргызстанды БУУ Дин же ишеним эркиндиги боюнча атайын баяндамачысынан, ошондой эле ЕККУнун тиешелүү мекемелеринен дин мыйзамына киргизилүүнү күтүп жаткан өзгөртүүлөр боюнча эксперттик кеңеш алууга ынандырууну сунуштайт. Кошмо Штаттар ЕККУ жана БУУ сыяктуу тиешелүү эл аралык форумдарда эл алдында Кыргызстандын диний эркиндикти чектөөлөрүн көтөрүп чыгышы да керек.